*Абдылдаев О.Т., Бейшеналива У.У., Токтомамбетов К.И.*

# ЖАҢЫ МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНҮН ШАРТТАРЫНДА ПЕДАГОГДОРДУН ПРОФЕССИОНАЛДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ДАЯРДЫКТАРЫН АНАЛИЗДӨӨ

*Абдылдаев О.Т., Бейшеналива У.У., Токтомамбетов К.И.*

# АНАЛИЗ ПОГОТОВКИ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПЕДАГОГОВ СФЕРЫ ОБРАЗОВАНИЯ В УСЛОВИЯХ НОВЫХ ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННЫХ СОВЕРШЕНСТВОВАНИЙ

***УДК 371.3/ 378.147.11***

Учурдагы шартка ылайык билим берүү системасын модернизациялоо жана окутуу жараянын инновациялык мүнөзгө көтөрүүдө маалымат-компьютердик технологияларды, телекоммуникациялык каражаттарды жана Интернет тармактарын пайдалануу эң негизги факторлордун бири, буларды колдонуп маалыматтык-коммуникациялык билим берүү чөйрөсүн түзүү [1-2].

Маалыматтык чөйрө жана билим берүүнү маалытташтыруу түшүнүктөрүнө [3] берилген аныктамага көңүл бурсак: «Маалымат-коммуникациялык предметтик чөйрө-бул окуучу (угуучу) менен окутуучунун оротосунда окуу маалыматтык өз ара аракеттенишүү жараяндарын өнүктүрүү жана пайда кылуу мүмкүнчүлүктөр шартынын көптүгү, окуучунун таанып билүү активдүүлүгүн калыптандыруу».

Азыркы мезгилде маалыматтык чөйрө тууралуу илимий билимдеги дагы бир маанисин карасак [4]:

- ишмердүүлүктүн эки жагынын бири, мында адам – коммуникациялык жараянга катышып, өзүнүн билимин маалымат формасында берүүгө, ошондой эле сырттан маалыматты кабыл алып, кайра өзүнүн өздүк билимине кайтарууга жөндөмдүү;
- коомдун бардык мүчөсү менен түзүлгөн маалыматтык инфра түзүлүш, коммуникативдик ишмердүүлүктү масштабда аткарууга мүмкүнчүлүк алып, туура келүүчү деңгээлде бул социумду өнүктүрүү: басмакана, библиотекалар, маалымат борборлору, берилгендердин банкы, массалык маалымат каражаттары ж.б.у.с.

Билим берүү чөйрөсү – бул педагогикалык уюштуруу мейкиндиги, анын курамына социалдык жана предметтик-мейкиндиктин тегерегинде ишке ашырылат. Булар өзүнө эки компонентти камтыйт:

- мейкиндик, мында окутуучу сабак үчүн тандаган (класс жабдыктары, компьютердик класс ж.б.);
- предметтин тегерегинде, педагог тандап алган окутуу каражаттары негизги орунга жылдырылат (окуу методикалык комплекстер, компьютерлер жана электрондук билим берүү ресурстары). Окутуунун каражаттарын тандоо (дидактикалык жабдуу) предметти өздөштүрүүдө мативацияны өнүктүрүүнү кызыктырат качан, алар предметтик областы үйрөнүү маселелери жана функциялары ылайык келип колдонулса.

Ошентип, билим берүү чөйрөсү-бул психологиялык, социалдык жана мейкиндик-предметтик факторлордун көптүгү, анда эң негизги ролду атуулдардын арасындагы мамилелери жана материалдык камсыздыгы (анын ичинде окутуучу-студент, студент-компьютер, окутуучу-компьютер мамилелери) ойнойт. Бул шартта окутуучунун максаты студентти өздүк маалыматтык өз ара аракеттенишүүгө даярдап, аны өздүк ишмердүүлүк деңгээлине чыгаруу, ал үчүн окутуу керек [4]:

- коюлган максаттарга жана маселелерге көңүлдү топтоо;
- өзүнүн өнүгүү динамикасын текшерүү жана баалоо;
- окуу ишмердүүлүгүнүн стратегиясына ээ болуу;
- өздүк потенциалын жана өзүнүн жетишкендигин камсыз кылууда алга умтулуу;
- таанып билүү ишмердүүлүгүндө натыйжалуу тажрыйбаны топтоо, коррекция, рефлексия.

Жогоруда айтылгандардан, маалыматтык билим берүү чөйрөсү интегралданган көп компоненттүү система, анын элементтери окуу, илимий-изилдөө ишмердүүлүгү, ошондой эле өлчөөгө, текшерүүгө жана окуу жыйынтыгын баалоого, окуу мекемесин башкаруу боюнча ишмедүүлүктү түзүү керек [5]. Ушундан улам маалыматтык билим берүү чөйрөсү беш блоктон жыйналат: баалуу-максаттык, программа методикалык, маалымат-билимдик, коммуникациялык, технологиялык.

[6] белгиленген, педагогикалык технология-бул окутуучулардын алдыга койгон максаты аткарууда колдонгон иш аракеттеринин жыйындысы, же болбосо педагогиканын сапаттуу иш аракетин илимий жактан долбоорлоо жана сөзсүз иш жүзүнө ашаарына кепил болуу. Технология-чыгармачыл, эмгекчил, тажрыйбалуу гана окутуучулардын аракетине тиешелүү-деп айтылып, «Тарбиялоо технологиясы» жана «өнүгүү технологиясы» азыркы шартка ылайык, анчалык терең изилдене элек, диагностика түзүү да мүмкүн эмес. Алар изилдөөнү, тактоону талап кылат – деп көрсөтүлгөн.

[1-2] маалыматтык билим берүү чөйрөсү - окуу дисциплинасынын электрондук окутуу методикалык комплекстери (силлабустар). Ар бири, компьютердик окутуу программасы: окутуу, окуу-методикалык, маалыматтык материалдар, тестирлөө системасы жана статистика өз алдынча иштөө окутуучу менен өз ара түз байланышы.

Жаңы маалыматтык технологияларды практикада киргизүүгө жасалып жаткан иш чаралардын жылышына көңүл бөлсөк. 2003-жылдан баштап С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңешинин жана окуу-методикалык комиссиянын чечимдеринин негизинде жаңы маалыматтык технологияларды өздөштүрүү максатында окутулуп жаткан дисциплиналар боюнча тестерди, компьютердик тестерди жана студенттердин өздүк иштерин уюштурууда методикалык көрсөтмөлөрдү түзүүнү унверситеттин профессордук-окутуучулук курамы үч жыл чамасында өздөштүрүп практикада студенттер менен бирдикте жолго коюлуп компьютерлештирилип колдонууга алынды.

Андан соң 2005-жылы Кыргызстандагы ЖОЖдор менен бирдикте «Болондук процесске» кирүү максатында мурда билим берүүдө колдонуп жүргөн «Жумушчу программаларды» (лекциялардын, практика-лабораториялык иштердин методикалык көрсөтмөлөрүн) компьютердик технологиянын негизинде «Окуу-методикалык комплекстерге» (Силлабустарга) өзгөртүп түзүү боюнча иштер башталып 67 окуу дисциплиналарынын «Силлабустары» иштелип чыгып, бир катар текшерүүлөрдөн өтүп (апробацияланып) дискеттерге жазалып, алдынкылары потенттик кызматка берилип, жаңы маалымат технолгияларынын негизинде студенттерди окутууда кеңири колдонулууда.

Силлабустар Нарын мамлекеттик университетинин окуу-методикалык планы боюнча чыгарылат.

Силлабустун жалпы формасын келтирип кетсек:

- башталышында (логотиби коюлат, жазылат НМУ, факультет, дисциплина, кайсы адистикке арналат);
- ОМК тууралуу билдирүү;
- Глоссарий (кыскача белгилөөлөр);
- ОМК жалпы структурасы;
- дисциплинанын жумушчу программасы;
- лекциянын конспектиси;
- практикалык сабактардын жүрүшү;
- лабораториялык сабактардын методикалык көрсөтмөлөрү;
- студенттин өздүк иши боюнча методикалык рекомендациялар;
- текшерүү-баалоо каражаттары (текшерүү суроолорунун тизмеги, экзамен-зачеттордун суроолору);
- адабияттар;
- электрондук китептер;
- методикалык көрсөтмөлөр;
- тестер.

ОМКны, «Силлабустарды» практикада колдонуу жана иш чарага киргизүү боюнча конкурс «Билим берүү мекемелеринин ассоциациясы жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги» тарабынан уюштурулган. Бул сынакка ЖОЖдон 50 окутуучу, анын ичинен НМУдан 7 окутуучу катышкан. Кыргыз Республикасынын ЖОЖру үчүн компетенттүүлүк мамилелеринин негизинде түзүлгөн билим берүү программаларынын эң мыкты инновациялык окуу методикалык комплекси сынагынын жеңүүчүлөрүнүн бири НМУнун доценти, тарых илимдеринин кандидаты Бектемирова Айнагүл «Байыркы Греция жана Римдин тарыхы» темадагы ОМК үчүн диплом жана баалуу сыйлыктарга татыктуу болгон.

Бул окутуунун дагы бир формасы дистанттык билим берүүгө өтүүнүн алгачкы кадамдары жана даярдыктар.

Маалыматтык-билим берүү чөйрөсүнүн биринчи түйүндүү элементи болуп педагогикалык система. Экинчи керектүү элементи педагогикалык система аркылуу окуу процессин камсыз кылуу (окуу-методикалык, финансы-экономикалык, менеджмент ж.б.) [7]. Ушундан улам педагогикалык система-окуу жараянынын компоненттеринин туруктуу деп [6] белгиленип, профессор В.П.Беспальконун белгилөөсү боюнча төмөнкү элементтерден турат: 1-окуучу, 2-тарбиянын максаты, 3-мазмуну, 4-окуу жана тарбия процессии, 5-мугалим, 6-уюштуруу. Бул элементтерсиз педагогикалык система иштебейт.

Жогоруда айтылгандын негизинде педагагдордо жаңы малыматтык билим берүү чөйрөсүнүн калыптанышында, алдыда бир катар көйгөйлөр пайда болот [1-2]:

- учурдагы маалымат-билим берүү чөйрөлөрүндө окутуунун теориясынын жетишпегендиги;
- билим берүү маалыматташтыруу областында түшүнүк-категориялык аппараттын начар деңгээлде тариzделиши;
- учурдагы маалымат-билим берүү чөйрөсүндө натыйжалуу окутуу үчүн окуу-методикалык комплексттердин аздыгы;
- педагогдордо жаңы маалымат технологиялары боюнча билимдин жана билгичтиктин жетишпегендиги, ушундан жаңы шарттарда иштөө үчүн методикалык даярдыктын жана квалификациясын жогорлатуунун керектиги;
- көпчүлүк билим берүү мекемелеринде материалдык-техникалык базанын жетишпегендиги.

Маалыматтык билим чөйрөсүнүн мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдалануу үчүн педагог төмөнкү талаптарга жоопкерчиликтүү болушу керек:

- жаңы маалыматтык-билим берүү чөйрөсүнүн шарттарында окуу жараянын уюштурууду психологиялык-педагогиканын негиздерин билүү;
- учурдагы маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө дидактиканын негиздерин өздөштүрүү;

- компьютерде иш алып барууну өздөштүрүү жана маалымат билим берүү мейкиндигине кирүү, аны колдоно билүү;

- профессионалдык жагын көтөрүү максатында өздүк маалыматтык мейкиндигин уюштуруу;

- Интернет тармагында иштөөдө билгичтикке ээ болуу, окутуучулар үчүн Интернет билим берүү мейкиндигин өздөштүрүүдө консультат-өткөрүүчү болуу жана үзгүлтүксүз билим берүүдө көндүмдүктү калыптандыруу максатында аларды маалыматтык ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну үйрөтүү.

Иновациялык ишмердүүлүккө окутуучунун ээ болуусу анын өздүк профессионалдык өнүгүшүнө кубаттуу фактор боло алат, студенттерди окутууда жана педагогдун квалификациясын жогорулатууда жаңы билим берүү жыйынтыгына жетишүү үчүн шарттарды түзүү [8].

Билим берүү жараянында дистанттык системанын колдоочусу болуп билим берүү маалымат ресурстары негизги инструменттик каражат катары эсептелет. Ал билим берүү мекемесинин маалымат мейкиндиги жана глобалдык Интернет тармагы көп көйгөйлөрдү чечүүгө шарт түзөт:

- окутуучулардын жана студенттердин дүйнөлүк маалымат мейкиндигине чыгууга мүмкүчүлүктөрдүн кеңейиши илимдин актуалдуу көйгөйлүү өнүгүшүнө чет элдик илимий, окуу-методикалык, маалымат-аналитикалык материалдарга жана билимге, автордук окуу-методикалык материалдарга мүмкүнчүлүктүн артышы;

- окутуучунун тажрыйбасынын тармактык өз ара аракеттенишүү менен алмашуу-изилдөөнү жүргүзүүдөө илимдин ар кандай областарында актуалдуу көйгөйлөрдү ортого салу (ICQ технологиялар-билдирүүлөрдү заматтык алмашуулар системасын пайдаланып, телеконференцияларга, форумдарга катышуу).

**Жыйынтыгы**

Жогоруда айтылгандардан, жаңы маалыматтык-коммуникациялык билим берүү чөйрөсүнүн шартында, же билим берүүчү башкаруу органдарында окутуу жараянынын дистанттык колдоо системасын кыска мөөнөттө түзүү жана толугу менен ишке киргизүү, ЖОЖдо окуу жараянынын көйгөйүн чечүүгө мүкүнчүлүк түзүлөт. Окутуунун сапаты жогорулайт, программалар жана курстар алдынкы окутуучулар жана окумуштуулардын колдоосу аркылуу жүргүзүлөт. Билим берүү практикасына окутуу жараянын дистанттык билим берүү илимий жана интеллектуалдык потенциалы эң жогоркуларды тартуу аркылуу ишке ашырылат. Эң жакшы даярдыктагы эксперттер жер-жерлерде илимдин, технологиянын акыркы жетишкендиктерин, окутуунун жаңы методдору жана учурдагы маалыматтык Интернет тармактарын пайдалануу менен башкаруу, билим берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун көтөрөт. Мындан сырткары, курстарды методикалык жетектөө жогорку, сапаттуу деңгээлге жеткирилет, адаттагы окутуу формасына салыштырмалуу окуу жайларда окутууга кеткен төлөмдөр азайат.

**Адабияттар**


1. Абдылдаев О.Т., Бабаева Н.М., Өмүрканов Т.А. Дистанттык (аралыктан) билим берүүнүн негизги өзгөчөлүктөрү жана артыкчылыктары. Жур. Изв.вузов. № 3, 2010.
2. Абдылдаев О.Т., Жапаров Н.Т, Өмүрканов Т.А. Дистанттык квалификацияны жогорулатуунун мүм-күнчүлүктөрүн аныктоо. Жур. Изв.вузов. № 4, 2010.
3. Роберт И.В. Толковый словарь терминов понятийного аппарата информатизации образования. М., 2006.
4. Чернобай И.В. Подготовка учителя в условиях совершенствованию профессиональной деятельности в условиях новой информационно-коммуникационной образовательной среды. Жур. Педагогика, №7, 2009, стр. 78-82.
5. Зенкина С.В. Информационно-коммуникационная среда, орентированная на новые образовательные результаты. М., 2007.
6. Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А. Педагоги-канын теориясы, системасы жана технологиясы. Б.: 2007.
7. Лукичева Е.Ю. Информационно-образовательная среда как фактор профессионального и личностного развития педагога [электронный ресурс]/http://rois.loiro.ru/.
8. Яриков В. Способствовать экспорту и импорту образования. Жур.Нар.образ., №9, 2006.